КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖОГОРКУ СОТУНУН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН
СУДЬЯСЫ

СУДЬЯ
КОНСТИТУЦИОННОЙ ПАЛАТЫ
ВЕРХОВНОГО СУДА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Кыргыз Республикасынын, Бишкек шаары,
720040, Эркиндик проспектиси, 39
тел.: +996 (312) 62 16 11; факс: 62 20 40

Кыргызская Республика, г. Бишкек,
720040, проспект Эркиндик, 39
тел.: +996 (312) 62 16 11; факс: 62 20 40

Исх. № ____________

«____»____________ 201___-ж.

# А Н Ы К Т А М А

Жаран К.Дөөлөталиевдин даттануусун

кайтаруу жөнүндө

2013-жылдын 9-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьясы А.О.Нарынбекова, «Апрель - байрагы» коомдук бирикмесинин төрагасы К.Дөөлөталиевдин Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2013-жылдын 31 - июлундагы аныктамасына карата даттануусун кайтарып беруу жөнүндө арызын карап

**т а б а т :**

«Апрель байрагы» коомдук бирикмесинин төрагасы К.Дөөлөталиев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституицялык палатасына (мындан ары-Конституциялык палата) кайрылып, анда «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26 – беренесининин 6 – пунктун Конституцияга карама каршы келет деп таап берүүнү суранган.

Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы 2013-жылдын 31-июлунда «Апрель байрагы» коомдук бирикмесинин төрагасы К.Дөөлөталиевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.Аныктамага кайрылуучу тарабынан даттануу

келип түшкөн, бирок даттанууну Конституциялык палатанын кароосуна даярдоо убагында «Апрель байрагы» коомдук бирикмесинин төрагасы К.Дөөлөталиевден аныктамага даттанууну кайтарып берүү жөнүндө арыз келип түштү.

Арыздын жүйөөлөрүн изилдеп жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Регламентинин 58 пунктунун 3 параграфын колдонуп

**а н ы к т а д ы :**

1.Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар «Апрель-байрагы» коомдук бирикмесинин төрагасы К.Дөөлөталиевге кайтарылып берилсин.

2.Арыз берүүчүгө, өтүнүчтү кайтарып берүү ушундай эле мазмундагы өтүнүч менен кайра Конституциялык палатага кайрылууга тоскоол болбоосу түшүндүрүлсүн.

Судья : А.О.Нарынбекова